**И. К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 14.23.691**

Кол жазманын укугу менен
**УДК 616.31:615.831.7**

**СУБАНОВА АЗИРА АЗИСОВНА**

# ПАРОДОНТ ТКАНДАРЫНЫН ООРУЛАРЫН ДАРЫЛООДО ТАБИГЫЙ АНТИОКСИДАНТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН КЛИНИКАЛЫК-ЭКСПЕРИМЕНТТИК НЕГИЗДЕМЕСИ

14.03.11- калыбына келтирүүчү медицина,
спорттук медицина, дарылоо дене тарбия медицина,
курортология жана физиотерапия

Медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
авторефераты

**Бишкек – 2025**

**Илимий иш** Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин терапиялык стоматология кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчиси:** **Белов Георгий Васильевич**
медицина илимдеринин доктору, профессор.
**Шаяхметов Давлетша Белекович**
медицина илимдеринин доктору, И. К Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын хирургиялык стоматология жана жаак-бет хирургиясы кафедрасынын доценти.

**Расмий оппоненттер:**

**Жетектөөчү (расмий) мекеме:**

Диссертацияны жактоо 2025 - жылдын «____»________ саат 14:00 И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жана Ош мамлекеттик университетинин алдындагы медицина илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн түзүлгөн Д.14.23.691 диссертациялык кеңештин жыйынында өтөт. Дареги: 720020, Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 92, конференц зал. Диссертацияны коргоо видеоконференциясына шилтеме: https://vc.vak.kg/b/032-clg-rrw-xgy
Диссертация менен кеңеш түзүлгөн уюмдардын китепканаларында жана кеңештин http://www.vak.kg. сайты аркылуу таанышса болот.

Автореферат 2025 – жылдын ___________________ жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
илимий катчысы, медицина
илимдеринин кандидаты, доцент Сайдылдаева А.Б.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Парадонтит-ооз көңдөйүнүн эң кеңири таралган сезгенүү ооруларынын бири болуп саналат, дүйнөлүк статистика ылайык, чоң кишилер арасында анын жайылышы 98% жетет. Ал эми жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша,15-19 жаштагылар арасында 55-99%, 35-44 жаштагыларда 65-98% денгээлде кездешет, ал эми Россиянын чоң кишилер калкында бул  көрсөткүч 82% жетери белгилүү [Орехова Л. Ю., 2018].

Кыргыз Республикасынын калкынын арасында пародонт оорууларынын таралышы 87% түзөт, эң жогорку көрсөткүч 35-44 жаш курактык топто байкалат [Кыдыкбаева Н.Ж., 2020]. Кыргызстандын жогорку тоолуу аймактарында жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр пародонт ткандарынын ооруларынын оор өтүшү 20% жогору экенин көрсөткөн. Бул көрсөткүч кан айлануунун жайлосуу, ткандардын гипоксиясы жана кычкылдануу-калпына келүү потенциалынын өзгөрүшү менен байланыштуу экендиги белгиленген [Сабурова Л. Б., 1981]. Пародонт ооруларынын этиопатогенезинде микробдук факторлор, шилекейдеги липиддердин перекистүү кычкылдануусу менен антиоксиданттык коргонуу (ПОЛ/АОЗ) тең салмагынын бузулушу, ошондой эле жергиликтүү жана жалпы иммунитеттин өзгөрүшү маанилүү роль ойнойт [Бутюгин И. А., 2014; Цепов Л. М., 2015; Усманова И. Н., 2015]. Пародонт ооруларынын полиэтиологиялык мүнөзү дарылоонун ыкмаларынын ар түрдүүлүгүн аныктап, комплекстүү жана жеке ыкма негизги щарт болуп саналат, жүргүзүлгөн терапиянын ийгиликтүү жыйынтыгын камсыздайт. Негизсиз дарылоо көпчүлүк учурда патологиялык процесстин өрчүшүнө жана тиш-жаак системасынын функционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн төмөндөшүнө алып келет. Жергиликтүү дарылоо төмөнкүлөрдөй ыкмаларды камтыйт: антисептикалык, антибиотиктерди камтыган дары-дармектерин, липиддердин перекистүү кычкылдануу процесстеринин калыбына келтирүү, регенерациялоочу каражаттарды жана физиотерапиялык ыкмаларды пайдалануу. Бирок акыркы жылдары микроорганизмдердин антибиотиктерге туруктуулугу күчөп бара жаткандыктан, пародонт ооруларын дарылоодо минералдык жана өсүмдүк табигый каражаттарды колдонууга басым жасалууда. Табигый дары каражаттары ооз көңдөйүнүн микрофлорасынын балансын бузбай, олуттуу терс таасирлерди жаратпастан, калыбына келтируучу натыйжа берет  [Гончарова Е.И., 2012; Aspalli S., 2014; Chandra Shekar B. R., 2015]. Акыркы он жыл ичинде Кыргызстандын окумуштуулары тарабынан табигый антиоксиданттардын негизинде ондон ашуун стоматологиялык курамдар иштелип чыгып, алардын катарына «Кирславин», «Фломираль», «Аплидонт» жана башка эликсирлери кирет. Бул каражаттардын сезгенүүгө каршы жана антиоксиданттык касиеттери илимий негизинде дадилденген.

Диссертациялык иштин алкагында «Витар» стоматологиялык каражаттын эксперименталдык изилдөөсү жана аз сандагы ыктыярчы бейтаптардын арасында клиникалык апробациясы жүргүзүлгөн. Жүргүзүлгөн маалыматтык-илимий анализ көрсөткөндөй өсүмдүк дары каражаттарын колдонууга багытталган изилдөөлөрдүн саны жетиштүү болгонуна карабастан, алар практикалык стоматологияда чектелген көлөмдө гана колдонулуп келет. Бул жагдай өсүмдүк каражаттардын мүмкүнчүлүктөрүн теренирээк изилдөө зарылдыгын шарттап, диссертациялык иштин максатын жана изилдөө тапшырмаларын аныктоонун илимий негизин түздү.

**Диссертациянын темасынын илимий артыкчылыктуу багыттар, ири программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер жүргүзгөн негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** 2017-жылдын 11-октябрында № 09-2017 илимий кызматташтык келишимине ылайык, ELITE PROJECTS 1998 компаниясы жана International Educational Centre билим берүү борбору (Израиль, Маалот шаары), башкы директору Gabriel Mark Khavin атынан, менен биргеликте илимий-изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Бул иштердин алкагында табигый гигиеналык каражат DENOVA Oral BIO-Complexтин пародонт ткандарынын өнөкөт ооруларын калыбына келтирүүчү дарылоодо натыйжалуулугу изилденген. Изилдөөнүн жыйынтыктары биргелешкен илимий макалаларда чагылдырылган.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргызстандын табигый дарылык ресурстарына негизделген стоматологиялык каражатты эксперименталдык жана клиникалык сыноолордон өткөрүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргызстандагы табигый дарылык ресурстарга таянып, пародонт ткандарынын ооруларын калыбына келтирүүчү дарылоодо колдонулуучу стоматологиялык каражатты иштеп чыгуу.
2. Иштелип чыккан «Витар» стоматологиялык каражаты боюнча эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзүү.
3. Иштеп чыккан каражатты ыктыярдуу түрдө катышкан оорулуулардын чектелген тобу арасында клиникалык сыноодон өткөрүү.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.** Илимий-изилдөө иштеринин жүрүшүндө Кыргызстандын табигый дарылык ресурстарынын негизинде үч жаңы стоматологиялык каражаттын курамы иштеп чыгып, патенттер менен корголгон: «Витар»-Пат. КР № 1796 (жарыяланган 30.11.2015), «Артокан»-Пат. КР № 2050 (жарыяланган 31.05.2018) жана «Пропакан»-Пат. КР № 2074 (жарыяланган 31.07.2018). Иштелип чыккан «Витар» стоматологиялык каражаты боюнча эксперименталдык изилдөөлөр жүргүзүлүп, анын клиникалык апробациясы ыктыярдуу түрдө катышкан аз сандагы бейтаптардын тобунда аткарылган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.** «Витар» стоматологиялык каражатынын тажрыйбалык-өндүрүштүк үлгүсү даярдалып, эксперименталдык изилдөөлөрдү өткорүүгө зарыл болгон коштомо документтери менен камсыздалган. Күтүлгөн жыйынтык - иштелип чыккан каражатты өнөр жайлык шартта чыгаруу, стоматологиялык поликлиникаларда, бөлүмдөрдө жана кабинеттерде амбулатордук шартта оорулуларды натыйжалуу жана үнөмдүү дарылоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу болуп саналат.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Иштелип чыккан «Витар» стоматологиялык каражатынын натыйжалуулуугу илимий негиздөөчүлүгү пародонт ткандарынын ооруларын калыбына келтирүүчү дарылоону жеткиликтүү кылат. Пародонт ткандарынын бузулушунун биринчи белгилери пайда болгондо бейтаптардын өз алдынча колдонушу профилактикалык чараларды натыйжалуу жүргүзүүгө мүмкүндүк берет жана аз каражатты талап кылат. Өнөр жайлык өндүрүш ЕАЭС аймагында продукциянын атаандаштыкка туруштук берүүчү маркетингдик негизин түзөт.

**Коргоого чыгарылуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1.Иштелип чыккан «Витар» стоматологиялык каражаты боюнча эксперименталдык изилдөөлөр уулуулугунун, аллергиялык жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү таасирлердин жоктугун жана пародонтитти эксперименталдык моделдөөдө дарылык таасири бар экенин ишенимдүү көрсөттү.

2.Ыктыярдуу бейтаптардын тобунда клиникалык сыноолордон алынган жыйынтыктар изилдөөнү көп сандагы топтордо улантууну сунуш кылууга мүмкүндүк берет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Илимий-изилдөө иши толугу менен автор тарабынан өз алдынча жүргүзүлгөн. Изденүүчү тарабынан Кыргызстандын табигый дарылык ресурстарынын негизинде үч жаңы стоматологиялык каражаттын жана өнөкөт пародонтитти дарылоонун бир ыкмасынын жолу иштелип чыккан. Диссертациялык иште «Витар» стоматологиялык каражаты боюнча эксперименталдык изилдөөлөр жана анын ыктыярдуу бейтаптардын аз сандагы тобундагы клиникалык апробациясы камтылган. Изденүүчү тарабынан тажрыйбалык-өндүрүштүк регламент, лабораториялык сертификат жана өндүрүштүк шартта каражаттын үлгүлөрү даярдалган. Изилдөөлөр иштелип чыккан каражаттын тажрыйбалык-өндүрүштүк үлгүлөрүнүн негизиндн жүргүзүлгөн. Изденүүчү DENOVA билим берүү борбору менен биргеликте натыйжалуу фитопрепараттарды изилдөө боюнча эл аралык илимий-изилдөө кызматташтыгын өнүктүрүүдө иш жүргүзүп келет. Адам ден соолугу боюнча холистикалык мамилелерди ишке ашыруучу табигый каражаттарды ойлоп табуучу жана клиникалык, лабораториялык изилдөөлөр боюнча медициналык жогорку окуу жайлардын консультанты катары эмгек синирген Израилдин Маалот шаарындагы шаарындагы DENOVA Эл аралык билим берүү

борборунун президенти Gabriel Mark Khavin мырзага илим менен медициналык билим берүүнүн онүгүшүнө кошкон салымы үчүн ыраазычылык билдирилет. Изденүүчүнүн илимге кошкон салымы ардак грамотолар, дипломдор, Россия жана Казахстан мамлекеттери тарабынан медальдары менен сыйланган.

**Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Илимий-изилдөө иштеринин материалдары 2018-жылы Екатеринбург шаарында өткөн «Заманбап медицинанын актуалдуу маселелери» атуу V эл аралык илимий-практикалык конференцияда жана ошол эле жылы Новосибирск шаарында өткөрүлгөн «Табигый илимдер жана медицина: теория жана практика» атуу V эл аралык илимий-практикалык конференцияда баяндалган.

**Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын ишке ашыруу.** Эксперименталдык коопсуздугу жана дарылык натыйжалуулугу аныкталгандан кийин, «Витар» каражаты боюнча патентке ээлик укугу бекер негизде Бишкек шаарындагы «Арония-Фарм» ЖЧКсына өткөрүлүп берилген. Бул аракет клиникалык изилдөөлөрдү чоң сандагы бейтаптардын тобунда жүргүзүү жана каражатты Мамлекеттик каттоодон өткөрүү максатында ишке ашырылган.

**Диссертация жыйынтыктарынын публикациялардагы чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациялык иштин темасы боюнча жалпы 13 илимий эмгек жарыяланган**.** Анын ичинен 5 эмгек Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссиясы сунуштаган илимий басылмаларда**,** 4 - чет өлкөлүк басылмаларда жарык көргөн. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар боюнча мамлекеттик кызматтын расмий басылмасы «Интеллектуалдык менчикте» 4 автордук патент жарыяланган. Бардык негизги жоболор жана диссертациянын материалдарында илимий-теориялык негиздемеси берилген жыйынтыктар жарыяланган публикациялар аркылуу толук чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш компьютердик текст түрүндө 106 барака жазылган. Иштин түзүлүшү: киришүү, адабияттардын анализи**,** изилдөөнүн материалдары жана ыкмалары**,** автордун өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары**,** корутунду, практикалык сунуштар**,** колдонулган адабияттардын тизмеси жана тиркемелерден турат. Илимий иште 15 таблица, 20 сүрөт жана 7 тиркеме менен камтылган. Библиографиялык көрсөткүчтө жалпы141 булак бар, алардын ичинен 105 орус тилдүү**,** 36 чет өлкөлүк авторлордун эмгектери.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү** бөлүгүндө илимий изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси жана коргоого коюлган негизги жоболор чагылдырылган.

**1-бөлүм. Адабияттарга сереп.** Маалыматтык жана патенттик издөөлөр Elibrary, Patent.ru, Pubmed, United States Patent and Trademark Office (USPTO) сайттары боюнча жүргүзүлгөн. Адабияттык серепте пародонт ооруларынын эпидемиологиясы жана патогенези боюнча заманбап илимий маалыматтар баяндалып, калыбына келтирүү табигый каражаттарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү каралган. Ошондой эле, табигый дарылык каражаттардын башка ооруларда да натыйжалуу пайдалануу мүмкүнчүлүгү көрсөтүлгөн. Анализдин жыйынтыгында өсүмдүк антиоксиданттардын пародонттун сезгенүү ооруларынына чалдыккан бейтаптарды калыбына келтирүүдө практикалык стоматологияда жетиштүү колдонулбай жатканы аныкталган.

**2-бөлүм. Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары.** Илимий-изилдөө иштеринин жүргүзүүнүн шарттары жана тартиби Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы «Профилактикалык медицина» илимий-өндүрүштүк бирикмесинин биомедициналык этика боюнча комитетинин чечими менен Эл аралык этикалык стандарттарга ылайыктуу деп макулдашылган**.**

**Изилдөө объектиси**: эксперименттик иштерди аткарууда изилдөөнүн объектиси катары салмагы 200–250 грамм түзгөн, жашы 8-9 жума болгон, 152 эркек интакттуу келемиштер колдонулган. Жаныбарлар виварийдин стандарттык шарттарында, алардын экологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алынган талаптарга ылайык багылган жана тийиштүү кам көрүү камсыздалган. Иштелип чыккан каражаттын оптималдуу концентрациясын, сезгенүүгө каршы натыйжалуулугун жана мүмкүн болуучу терс таасирлерин аныктоо максатында, 22–60 жаш курактагы 14 ыктыярдуу бейтаптарга клиникалык сыноо жүргүзүлгөн. Катышуучу бейтаптар боюнча: учурда коштоочу соматикалык оорулары жок, изилдөөгө өз ыктыяры менен макулдугун берген, күнүнө эки жолу, эртен менен жана кечинде, каражатты кайнатылган суу менен 1:4 суюлтуу менен 15 күн бою ооз чайкоого колдонушкан.

***Клиникалык сыноого бейтаптарды кошуу критерийлери:***

- Катышууга маалымдуу макулдугунун болуш;
- Тиш тазалоодо ар кандай деңгээлдеги каноо белгилери;
- Парадонт ткандарынын ооруларына мүноздүү симптомдордун болушу;
- Кеминде 16 тиштин болушу жана тиш таштарын алдын ала тазалоонун жүргүзүлүшү.

***Клиникалык сыноого бейтаптарды кошуу критерийлери:***

- Изилдөө маалында курч соматикалык оорулардын болушу;
- Аллергиялык оор анамнези болушу;
- Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили.
- Ооз көңдөйүнүн былжырлуу челиндеги жабыркоо элементтердин болушу;

Изилдөөлөр ооз көңдөйүн үч жолку объективдүү текщерүүнү (1-, 7- жана 14-күндөрү колдонгондон кийин), Федорова Л. В. гигиениялык индекстин модификациясын (1982-ж.), Muhlemann-SBI боюнча кандоонун индекси жана Шиллер-Писаревдин сынагы аркылуу сезгенуунун даражасын сандык баалону камтыган.

**Изилдөөнүн предмети: эксперименттик** изилдөөнүн алкагында тиш эттеринин жана тандалган ички органдардын гистологиялык анализи, кан курмамын изилдөө жана шилекейдин биохимиялык анализи (спектрофотометриялык ыкма) Волчегорский И. А. жана авторлоштордун методикасы боюнча жүргүзүлгөн. Эксперименттик изилдөөлөр «Дарылык каражаттардын жалпы уулуулук таасирин изилдөөнүн методикалык сунуштамаларына» жана «Жаңы фармакологиялык заттарды эксперименталдык (доклиникалык) изилдөө боюнча колдонмо» [Хабриев Р. У., 2005; Миронов А. Н., 2012] негизинде аткарылган. Проекттик-сыноо этабы иштелип чыккан стоматологиялык каражат «Витарды» даярдоону жана патенттөөнү, тажрыйбалык-өндүрүштүк үлгүлөрдү чыгарууну жана аларды экспериментальдык изилдөөлөрдөн өткөрүүнү камтыган (сур. 2.1.). Иштелип чыккан каражатты ооз көңдөйүнүн былжыр челине колдонулуучу чайкоо жана аппликация түрүндө колдонууга багытталган. Анын коопсуздугун аныктоо максатында курч жана өнөкөт уулуулук, аллергиялык жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү таасирлер изилденген.




2.1. сүрөт. - Изилдөөнүн долбоорлоо жана сыноо этабы



2.3.1 сүрөт. - Пародонтиттин эксперименталдык моделин түзүү, лигатура коюу менен жүргүзүлгөн.

Изилденип жаткан каражаттын дарылык натыйжалуулугун аныктоо үчүн пародонтиттин «лигатуралык» модели лабораториялык келемиштерге жаралуу жолу менен түзүлгөн [Дзампаева Ж.В., 2019]. Гексанал наркозунун таасири менен келемиштердин төмөнкү кесүүчү тиштерине 14 күнгө лигатуралар бекитилген. Негизги эксперименттик топто 10 күн бою изилденип жаткан каражат менен тиш жана тиш эттерин нымдалып турган. Иштелип чыккан каражаттын таасири практикалкы стоматологияда колдонулуучу «Кирславин» тиш эликсири менен салыштырылган (сүрөт 2.3.1).

Алынган изилдөө жыйынтыктары вариациялык статистиканын ыкмалары менен талданган. Маалыматтарды иштеп чыгууда «Statistic for Windows», Word-2000, Excel 7.0 программалары колдонулган. Алынган маалыматтардын статистикалык ишенимдуулугу Стьюденттин t-критерийи боюнча бааланган. Мындан тышкары, маалыматтарды терен талдоо үчүн IBM SPSS Statistics 20 программасы пайдаланылган.

**3-бөлүм. Жеке изилдөөлөрдүн жыйынтыктары. Эксперименталдык изилдөөлөр.**

***«Витар» стоматологиялык каражатынын иштелип чыгышы жана физика-химиялык касиеттери.***

Диссертациялык иштин 1-милдетине ылайык, дарылык өсүмдүктөрдөн түзүлгөн стоматологиялык каражаттын курамы иштелип чыгып, анын курамындагы ылайыктуу жана экономикалык жактан негиздүү көлөмү аныкталган. «Витар» стоматологиялык каражатынын курамы жана аны даярдоо технологиясы патенттелген (2 табл.).

2 таблица. - «Витар» стоматологиялык каражатынын курамы

| № | Курамындагы ингредиенттер | Санд.көлөмү 100мл.өлчөө бирд. | Санд. көлөмү 100 л. өлчөө бирд. | Санд. көлөмү 500 л. өлчөө бирд. |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Көк чайдын жалбырактары | 7,0 г | 7,0 кг | 35,0 кг |
| 2. | Ромашканын гүлдөрү | 4,0 г | 4,0 кг | 20,0 кг |
| 3. | Лопухтун тамырлары | 3,0 г | 3,0 кг | 15,0 кг |
| 4. | Шалфей чөбү | 3,0 г | 3,0 кг | 15,0 кг |
| 5. | Кара жүзүмдүн уруктары | 3,0 г | 3,0 кг | 15,0 кг |
| 6. | 70% этил спирти | 100 мл.чейин | 100 л.чейин | 500 л.чейин |

## Даярдоо технологиясы

Даярдалган ингредиенттер 2-3 мм өлчөмгө майдаланып, спиртке салынат. Алынган аралашма бир жума бою маал-маалы менен аралаштырылып, демделет, андан соң фильтрация жол-жобосунан өткөрүлөт. Экстрагенттин калдыктары заттан сыгылып алынып, негизги фильтратка кошулат. Алынган экстракт күрөң түстүү тунук суюктук болуп, татаал жыты менен мүнөздөлөт, өндүрүштүк шарттарда даярдалган учурдан тартып сактоо мөөнөтү 3 жыл.

## Колдонуу ыкмалары


Тиш эликсири дистилденген же кайнатылган суу менен 1:4 суюлтулуп колдонулат:
-ооз көңдөйүн чайкоо үчүн;
-патологиялык тиш капчыктарын жууп-тазалоо үчүн;
-сезгенген тиш капчыктарына жана ооз көңдөйүнүн былжыр челине аппликация же турунд коюу үчүн;
-тишти күн сайын тазалоодо бир нече тамчы суюлтулбаган каражатты тиш щеткасына тамызы жолу менен.


Тажрыйбалык-өндүрүштүк үлгүлөрүнүн органолептикалык, микробиологиялык, физико-химиялык жана териге тийгизүүдө дүүлүктүрүүчү көрсөткүчтөрү «Витар тиш эликсири» үчүн биологиялык активдүү заттарды өндүрүү боюнча колдонулуп жаткан стандарттарга жооп берет. Каражаттын курамында салттуу медицинада көптөн бери колдонулуп келген дары чөптөр менен катар, стоматологияда сейрек пайдаланган, бирок жогорку биологиялык активдүүлүкө ээ болгон лопух жана кара жүзүмдүн уруктары камтылган. Лопухтун дарылык дарылык касиеттери элдик медицинада кеңири колдонулат жана төмөнкүдөй таасирлери менен белгилүү: ысытма түшүрүүчү, антиоксиданттык, жараларды айыктыруучу, шишике каршы, ошондой эле микробго, вируска жана грибок ооруларына каршы таасир берет.

Кара жузумдун уруктары антиоксиданттык касиетке ээ болуп, капиллярлардын бекемделишине көмөктөшөт, тромбозго каршы натыйжалуу таасир этет, варикоздук кан тамырларды дарылоодо жардам берет. Гемоглобин деңгээлин бир топ жогорулатат, антикоагулянт катары иштейт жана бактерициддик, вируска каршы касиетке ээ.

***«Витар» стоматологиялык каражатынын курч жана өнөкөт уулуулугун изилдөөлөрдүн жыйынтыктары***

Диссертациялык иштин экинчи милдетине ылайык жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөөлөр «Витар» каражатынын курч жана өнөкөт уулуулугу жок экенин көрсөттү. Бул, лабораториялык келемиштердин ички органдарынын абалы жана кан курамы физиологиялык норманын чегинде калгандыгы менен тастыкталган (3.1.1, 3.1.2. табл; сүрөт 3.1.1–3.1.6. сүр.).


а




б

3.1.1-3.1.2 сүрөт. - Эксперименталдык топ. Курч уулуулукту аныктоого багытталган гистологиялык препараттар. Бир жолку зонд аркылуу аш казанына киргизүүдөн кийин алынган ***мээнин фрагменттери (а)*** кабыктын зонасы жакшы сакталышын көрсөттү, кан тамырлардын канга толушу жана шишиген белгилери байкалган жок. Данектүү орто жана молекулярдык катмарларда нейроциттердин өзгөрүүлөрү катталган жок. Пуркинье клеткалары гемотоксилин жана эозин менен бирдей жалпы боёлгон. ***Боордун түзүлүшүнүн фрагменттери (б)*** балкалык түзүлүш жакшы сакталып калган, гепатоциттер бирдей канга толгон, цитоплазмалары бирдей боёлгон. Боёо ыкм. гемотоксилин жана эозин. Чон. х 80.



3.1.1 таблица - Лабораториялык келемиштердин курч уулуулукту аныктоодо алынган жалпы кан анализинин жана дене салмагынын жыйынтыктары

| Көрсөткүчтөр n=8 | M±m баштапкы маалда | M±m 1 жумадан | M±m 2 жумадан | $P_{12}$ | $P_{23}$ | $P_{13}$ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Масса, гр | 240,0±2,12 | 278,8±1,27 | 316,4±1,23 | <0,05 | <0,05 | <0,05 |
| Эритроциты $x10^{12}$ / л, (RBC) | 7,26±0,12 | 7,29±0,15 | 7,31±0,15 | >0,05 | >0,05 | >0,05 |
| Лейкоциты $x10^{9}$ / л, (WBC) | 8,89±0,09 | 7,40±0,07 | 8,36±0,24 | <0,05 | <0,05 | <0,05 |
| Тромбоциты $x10^{9}$ л, (PLT) | 533,19±4,76 | 533,61±5,07 | 533,07±4,65 | >0,05 | >0,05 | >0,05 |
| Гемоглобин, г/дл (HGB) | 12,21±0,11 | 12,03±0,13 | 12,64±0,13 | >0,05 | <0,05 | <0,05 |

Эксперименталдык топтогу лабораториялык келемиштерге күн сайын 2,0 мл көлөмүндө изилденип жаткан каражат 2 жума бою берилген. Жалпы кан анализинин жана дене салмагынын өзгөрүшүнүн жыйынтыктарын талдоо (3.1.1 табл.) организмде ишенимдүү өзгөрүүлөрдү көрсөтпөду. Башкача айтканда, лабораториялык жаныбарлардын жалпы абалы физиологиялык норманын чегинде болгон.


а

б

3.1.3-3.1.4 сүрөт. - Эксперименталдык топ. Өнөкөт уулуулукту аныктоого арналган гистологиялык препараттар. ***Боордун фрагменти (а)***, балкалык түзүлүш сакталып калган, перипорталдык катмарларда инфильтрация белгилери байкалган жок, гепатоциттерде дистрофиялык өзгөрүүлөрдүн белгилери жок. ***Миокарддын фрагменти (б)*** түзүлүшү өзгөрүүсүз, патологиялык белгилер байкалган эмес. Изилдөө мөөнөтү: 1 ай. Боёо ыкм. гематоксилин жана эозин. Чон. х 80.

 а  б

3.1.5-3.1.6. сүрөт. - Эксперименталдык топ. Өнөкөт уулуукту аныктоо үчүн изилденген гистологиялык препараттар. ***Бөйрөктүн түзүлүшүнүн фрагменти (а)*** – гломерулалардын контурлары так, канга толушу физиологиялык нормада, Шумлянский-Боумен капсуласынын көңдөйүн толук ээлебейт. Бүйрөлгөн жана түз түтүкчөлөр дистрофия белгилерин көрсөтпөйт. **Өпкөнүн фрагменти (б)** - альвеолярдык бөлгүчтөр ичке, капиллярлар менен капталган, шишик же сезгенүү белгилери жок. Альвеолалар аралыктарда байланыштыргыч ткандарында тегерек ядролуу клеткалар кездешет. Изилдөө мөөнөтү: 1 ай. Боёо ыкм. гематоксилин жана эозин. Чон. х 80 (а), х 160 (б).

3.1.2. таблица. - Өнөкөт уулуукту аныктоо учурунда лабораториялык келемиштердин жалпы кан анализинин жыйынтыктары

| көрсөткүчтөр n=24 | 1 жума M±m | 2 жума M±m | 3 жума M±m | 4 жума M±m | $P_{14}$ |
|---|---|---|---|---|---|
| Эритроциты $X10^{12}$ / л, (RBC) | 7,39±0,08 | 7,40±0,06 | 7,42±0,07 | 7,45±0,06 | >0,05 |
| Лейкоциты $x10^{9}$ / л, (WBC) | 7,02±0,18 | 6,98±0,17 | 7,01±0,17 | 7,02±0,15 | >0,05 |
| Тромбоциты $x10^{9}$ л, (PLT) | 533,7±5,85 | 535,7±5,64 | 535,0±5,64 | 534,9±5,72 | <0,05 |
| Гемоглобин, г/дл (HGB) | 11,43±0,20 | 12,08±0,18 | 12,16±1,19 | 12,32±0,20 | <0,05 |


Эскертүү: $P_{14}$ >0,05 – гематологиялык көрсөткүчтөр


Өнөкөт уулуулугун аныктоо учурунда алынган жалпы кан анализинин жыйынтыктары физиологиялык нормаларга туура келген (3.1.2. табл.). Эксперименттин бүткүл жүрүшүндө лабораториялык келемиштер күн сайын байкоодо турущкан. Изилденип жаткан каражаттын уулуу таасиринен жаныбарлардын өлүмү катталган эмес. Ички органдарды текшерүү учурунда канга толуу, кан куюлуш жана жара белгилери аныкталган жок.

### 3.2. *«Витар» стоматологиялык каражатынын аллергиялык жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү таасирин изилдөөнүн жыйынтыктары*

Лабораториялык келемиштердин ооз көңдөйүнүн былжырлуу катмарын 1 ай бою изилденип жаткан каражат менен күн сайын нымдоодо менен төмөнкүдөй жыйынтыктар алынган. Себеби, келемиштердин ооз көңдөйүнүн былжырлуу челинин дүүлүктүрүүчүлөргө туруктуулугу жогору жана калыбына келүү жөндөмдүүлүгү күчтүү болгондуктан, байкоо 30 кундун ичинде жүргүзүлгөн. Жүргүзүлгөн жүрүм-турум талдоодо каражат менен нымдоодон кийин кээ бир учурларда келемиштердин бир аз жай кыймылдаганын көрсөттү.

Айрым жаныбарларда вегетативдик активдүүлүктүн жогорулашы байкалды, «катып калуу» көрүнүштөрү, өзүн тазалоонун жогорулашы байкалган. Мындай абал адаттагы активдүүлүктүн 5 мүнөттүн ичинде калыбына келиши менен коштолгон. Дем алуулары эркин болгон, көздөн жаш агуу, чүчкүрүү жана аллергияга мүнөздүү башка белгилер байкалган эмес.


а


б

3.2.1-3.2.2. сүрөт. - Эксперименталдык топ. ***Тиш эттеринин былжыр челинин түзүлүшүнүн фрагменти (а)*:** былжыр катмарында шишик же инфильтраттар аныкталган жок. ***Ири шилекей бездеринин түзүлүшүнүн фрагменти (б):*** эозинофилдер байкалган жок. Изилдөө мөөнөтү: 30 сутка. Гематоксилин жана эозин менен боёлгон. Чоң х 80.

Лабораториялык келемиштердин ооз көңдөйүнүн былжыр челин нымдоо учурунда кан айлануу системасында өзгөрүүлөрү жана клеткалык элементтердин өзгөрүүлөрү аныкталган эмес. Демек, сунушталып жаткан концентрацияда бул каражат аллергиялык жана жергиликтүү дүүлүгүүчү таасир жаратпайт экендигин көрсөткөн. Бул жыйынтык кандын курамын талдоо, тиш эттеринин жана шилекей бездеринин микропрепараттары менен тастыкталган (3.2.1, 3.2.2 сүр., 3.2.1 табл.).

Ири шилекей бездеринин фрагменттери өзгөрүүгө учурабаган түзүлүштөрү сакталган. Алар төмөнкү элементтерден турган: үч катмарлуу капсула, тутумдаштыргыч фиброздуу стромадан, ар түрдүү калибрдеги чоң шилекей бездеринин түтүкчөлөрүнөн, паренхиманын ацинустары тегерек формада ичиндеги ядро менен, айланасында миоэпителиоциттер менен курчалган. Патологиялык өзгөрүүлөр аныкталган эмес.


3.2.1 -таблица - «Витар» стоматологиялык каражаты менен тиш эттеринин былжыр челине бир айлык нымдоо учурунда алынган эксперименталдык топтогу келемиштердин гематологиялык көрсөткүчтөрү

| көрсөткүчтөр<br>n=8 | Норма | Контр. тобу | 10-куну | 20-куну | 30-куну |
|---|---|---|---|---|---|
| Гемоглобин, г/дл (HGB) | 12,0-15,0 | 12,4 ±1,24 | 12,6±1,25 | 13,6±1,24 | 12,7±1,25 |
| Гематокрит (HCT %) | 36,0-46,0 | 38,0±1,21 | 38,0±1,42 | 38,0±1,11 | 38,0±1,15 |
| Эритроциты $x10^{12}$/л, (RBC) | 5,6-7,9 | 7,33±0,80 | 7,39±0,61 | 7,40±0,40 | 7,71±0,71 |
| Лейкоциты $x10^{9}$/л, (WBC) | 7-14,0 | 10,5±1,51 | 13,2±1,65 | 11,7±2,04 | 13,3±2,35 |
| Нейтрофилы палочкоядерные (NEUT %) | 1-4 | 1,5±1,41 | 1,4±1,55 | 1,7±1,94 | 1,6±2,25 |
| Нейтрофилы сегментоядерные (NEUT %) | 20-35 | 31,3±0,34 | 29±0,48 | 27±0,87 | 26±1,18 |
| Эозинофилы (EOS %) | 1-5 | 1,5±1,16 | 1,7±2,19 | 1,6±1,89 | 1,8±1,92 |
| Моноциты (MON %) | 1-5 | 1,6±1,73 | 1,8±0,75 | 1,7±0,24 | 1,9±0,48 |
| Лимфоциты (LYM %) | 55-75 | 73,8±1,38 | 63,9±0,17 | 67,6±1,29 | 65,2±1,36 |
| Тромбоциты $x10^{9}$л, (PLT) | 450-900 | 457,0±0,13 | 461±1,29 | 467,5±0,27 | 469,0±0,27 |

Эскертүү – $p < 0,05$

Изилденип жаткан каражат менен тиш эттеринин бетин нымдагандан кийин, 10-, 20- жана 30- күндөрдө лабораториялык келемиштердин гематологиялык көрсөткүчтөрү физиологиялык норманын чегинде болгон (таблица 3.2.1.). Эксперименталдык топто келемиштердин арка терисине марля тампондор жабыштырылып, куйругу изилденип жаткан каражат менен нымдалган соң, эч кандай өзгөрүүлөр байкалган жок.

Объективдүү кароодо теринин кычышуудан пайла болгон жаралар, кызаруу, шишик белгиленген эмес. Териге болгон реакцияны баалоо шкаласы боюнча жыйынтык 0 баллды түзгөн. Алынган натыйжалар каражаттын жергиликтүү дүүлүктүрүүчү касетке ээ эместигин тастыктайт.



3.2.3. сүрөт. - Эксперименттик топ. ***Изилденип жаткан каражат менен апликация жасалган теринин фрагменти*** эпителий кадимки көп катмарлуу түзүлүштө түзөт, дермада шишик жана эозинофилдик инфильтрациянын белгилери жок. Изилдөө мөөнөтү: 30 күн. Гематоксилин жана эозин менен боёлгон. Чоң. х80.

Ошентип, эксперименталдык изилдөөлөрдүн негизинде төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот: изилденип жаткан каражатты тиш эттеринин былжыр челине бир жолку жана кайталап нымдоо, ошондой эле арка теринин жана куйрук бөлүктөрүнө аппликация кылуу учурунда келемиштердин жалпы абалына, гематологиялык көрсөткүчтөрүндө жана гистологиялык түзүлүшүндө өзгөрүүлөр байкалган жок.


***3.3.«Витар» стоматологиялык каражатын колдонуу менен жүргүзүлгөн пародонтиттин эксперименталдык моделдештирүүсүнүн жыйынтыктары жана аларды «Кирславин» тиш эликсири менен салыштыруу***


Лигатуралар алынгандан кийинки 10 күнү байкалган тиш эттериндеги түзүлүштүк өзгөрүүлөр азайганы менен толугу менен жоголгон эмес. Изилденип жаткан каражат колдонулган топто тиш эттеринин эпителийи 10 күндүн ичинде толугу менен калыбына келген, ал эми липиддик перекистин кычкылданышынын көрсөткүчтөрү интакттуу чычкандардагы деңгээлге чейин калыптанган ($p > 0,05$). «Витар» стоматологиялык каражаты менен «Кирславин» тиш эликсиринин липиддеринин пероксиддик кычкылданышынын көрсөткүчтөрүнө тийгизген таасирин салыштырып баалаганда, статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктар аныкталган жок. Пародонтитти эксперименталдык моделдештирүүдө 2 жана 14 суткада жүргүзүлгөн биохимиялык изилдөөлөр шилекейдеги гидроперекистин жана антиоксиданттык индексинин жогорулаганын көрсөттү (табл. 3.3.2).

3.3.2 - таблица. - Эксперименталдык пародонтитти дарылоодо «Витар» стоматологиялык каражаты жана «Кирславин» тиш эликсири колдонулган учурда липиддердин перекистүү кычкылдануусунун көрсөткүчтөрүнүн салыштырма баалоосу

| Группалар | Жалпы липидтер (ед. опт. плотн) | Гидроперекисттер (ед. опт. плотн) | Кычкылдануу индекси |
|---|---|---|---|
| Гр. №1, таза группа (8 лаб. келем.), кийлигишүү болгон эмес | 1,21±0,03 | 0,83±0,03 | 0,69±0,02 |
| Гр. №2, лигатура коюлган кийин 2-күнү изилдөө | 1,22±0,03 | 1,13±0,03 | 0,93±0,02 |
| Гр. №3, лигатура коюлгандан кийин 14 кун. изилдөө | 0,95±0,03* | 1,18±0,03* | 1,24±0,03* |
| Гр. №4, 14 күн., изилд. лиг. + 10 күн. текшерүү | 1,07±0,04 * | 0,85±0,03 | 0,80±0,04 * |
| Гр. №5, 14 күн. лигат., 10 күндүн ичинде «Витар» кар. менен нымдоо | 1,16±0,03 **,*** | 0,75±0,03**,*** | 0,65±0,03**,*** |
| Гр. №6, 14 күн лиг., + 10 күндүн ичинде «Кирславин» эликс. менен нымдоо | 1,23±0,04**,*** | 0,72±0,02**,*** | 0,59±0,02**,*** |

Эскертүү: * - 1-топ менен болгон айырмачылыктын критерийи р <0,05
** -3-топ менен болгон айырмачылыктын критерийи р <0,05
*** - 4-топ менен болгон айырмачылыктын критерийи р <0,05


а


б

3.3.1-3.3.2 - сүрөт. Эксперименталдык топ. ***Лигатуралар орнотулгандан кийин бир күн өткөндө (а)***-тиш эттеринин былжыр челинин былжыр эпителийинин астында чекит түрүндөгү кан куюлуулар жана тиш менен эттин


ортосундагы капчыктарда лимфолейкоцитардык инфильтрация байкалган. Эпителийдин бетинде фибриндин жука кабыктары аныкталган. **14 күнү (б)- тиш эттиндеги көп катмарлуу жалпак эпителийинде гиперплазия жана дистрофия белгилери** пайда болгон. Эпителий катмарларынын калыңдыгы бир калыпта болбой өзгөрүп, ичин капай өсүндүлөр пайда болгон. Тиш-эт капчыктарында эпителийдин дистрофиясы жана ткнадый детриттердин түзүлүшү байкалган. Бактериоскопияда кокк жана таякча түрүндогү бактериялар аныкталган. Гематоксилин жана эозин менен боёлгон. Чон. х 56 (а), х 80 (б).

Стоматологиялык «Витар» каражатынын касиеттерин өзүнүн таасирдүүлүгү боюнча «Кирславин» тиш эликсиринин таасири менен салыштырууга болот, антиоксиданттык активдүүлүкө ээ жана пародонт ооруларын дарылоодо ооз көңдөйүнүн микрофлорасын бузуу коркунучу жок узак мөөнөткө колдонууга мүмкүн.

***3.3.Ыктыярдуу бейтаптарда стоматологиялык каражаттын сыноосу учурунда пародонт ткандарынын индекстик көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүлөрү***

Изилдөө тобуна киргизүүнүн негизги критерийи тиш тазалоо маалында ар кандай интенсивдүүлүк менен байкалуучу кандын кетиши эсептелген. Индекстик көрсөткүчтөрдү аныктоо апробациянын 1-, 7- жана 15 күндөрүндө жүргүзүлгөн.

Көзөмөл тобторунда пародонт ткандарынын ооруларында ооз көңдөйүн таза кармоонун маанилүүлүгү тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, тиш тазалоодо кан кетүүнүн пародонттук жабыркоолордун негизги белгилеринин бири экени, ал тиш жоготуусуна алып келерин түшүндүрүлгөн.





3.4.1- сүрөт. Л.В. Фёдорова боюнча модификацияланган гигиениялык индекстин көрсөткүчтөрү

Гигиеналык индекстердин көрсөткүчтөрүнүн салыштырма талдоосунда негизги топто статистикалык жактан ишенимдүү, акырындык менен төмөндөө байкалган.

Баштапкы деңгээлде (2,0±0,09) болгон, 7 күнү көрсөткүчтөр (1,7±0,10) чейин төмөндөгөн, баштапкы деңгээлге салыштырмалуу 15% төмөндөөнү түзүп, статистикалык мааниге ээ болгон (p <0,05), 15 күнү көрсөткүчтөрү дагы ишенимдүү түрдө (1,4±0,12) чейин төмөндөп, бул баштапкы көрсөткүчтөргө салыштармалуу 30% төмөндөөнү түзгөн (p <0,05).


Текшерүүчү топто баштапкы деңгээлдеги гигиениялык индекс (2,0±0,09) болгон, 7 күнү ал (1,8±0,06) чейин төмөндөп, 10 % жакшырганын көрсөтүп, статистикалык мааниге ээ болгон (p <0,05), жана 15 күнү бул деңгээл өзгөргөн эмес (сүр. 3.4.1.).




3.4.2- сүрөт. Шиллер-Писарев сыноосунун көрсөткүчтөрү

Негизги топто Шиллер-Писаревдин сандык сыноосунун көрсөткүчтөрү баштапкы деңгээлде (2,1±0,09) болсо, 7 күнү (1,4±0,13) чейин төмөндөп, 33,3% жакшырганын көрсөттүү. Ал эми 15 күнү көрсөткүчтөр (0,9±0,09) түзүп, баштапкы деңгээлге салыштырмалуу 57,1% төмөндөдү. Бул өзгөрүүлөр статистикалык жактан ишенимдүү деп бааланган (p <0,05).

Текшерүүчү топто дагы Щиллер-Писаревдин сыноосунун көрсөткүчтөрү баштапкы деңгээл (2,1±0,09) менен салыштырмалуу төмөндөгөнү байкалган: 7 күнү 9,5%, ал эми 15 күнү 14,3% төмөндөө катталган (p <0,05). Бул өзгөрүүлөр негизги топко салыштармылуу азыраак деңгээлде болгон (сүр. 3.4.2.).




3.4.3 – сүрөт. Мюлеманн-SBI боюнча кан агуу индесинин сандык көрсөткүчтөрү

Мюлеманн-SBI ыкмасы боюнча кан агуу индексинин көрсөткүчтөрүнүн пайыздык салыштырмалуу талдоосунда негизги топто баштапкы денгээл (1,8±0,19) болсо, 7 күнү ал (1,4±0,18) чейин төмөндөп, 22,2% жакшырганын көрсөткөн. 15 күнү көрсөткүчтөрү (0,9±0,19) түзүп, баштапкы деңгээлге салыштырмалуу 50% төмөндөгөн. Бул өзгөрүүлөр статистикалык жактан ишенимдүү болгон (р <0,05).

Текшерүүчү топто орточо деңгээли (1,8±0,09) түзүп, 7 күнү ал (1,7±0,15) чейин төмөндөп, 5,56% жакшырган, 15 күнү көрсөткүч (1,6±0,14) болуп, баштапкы көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 11,11% төмөндөнү түзгөн. Башкача айтканда, текшерүүчү топтогу жакшыртуулар күнүмдүк мотивацияланган гигиеналык кам көрүү менен байланыштуу болгон (3.4.3 сүр.).

## Жыйынтык

1.Пародонттун өнөкөт ооруларын калыбына келтирүүчү дарылоо курамында колдонуу үчүн иштелип чыккан «Витар» стоматологиялык каражаты боюнча эксперименттик изилдөөлөр жүргүзүлдү.

2.Жүргүзүлгөн эксперименттик изилдөөлөрдүн жыйынтыгында, каражаттын уулуулугу, аллергиялык жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү таасири жок экендиги ишенимдүү түрдө аныкталды. Өнөкөт пародонтиттин эксперименттик моделинде 14 күнү гистологиялык изилдөлөрдө жана шилекейдеги липиддик пероксидация процессинин (ПОЛ) активдешүү белгилери байкалган. Стоматологиялык «Витар» каражатын 10 күн колдонулгандан кийин ПОЛ көрсөткүчтөрү толук калыбына келип, таза жаныбарладын деңгээлине жеткен. Төртүнчү топтогу табигый түрүндө айыккан жаныбарлардын көрсөткүчтөрүнөн ишенимдүү айырмаланган. Эксперименттик моделдердин натыйжаларына ылайык, иштелип чыккан каражаттын дарылык таасири «Кирславин» тиш эликсири менен салыштырмалуу деңгээлде экени аныеталды.

3.Клиникалык апробациянын негизинде ыктыярчы бейтаптардын катышуусунда каражаттын керектүү кошулмасы жана клиникалык жактан жакшы көтөрүмдүүлүгү аныкталды. Алынган жыйынтыктар «Витар» каражатын келечекте кеңири клиникалык топтордо терендетилген изилдөөгө сунуш кылууга негиз берет.

## Практикалык сунуштар

Стоматологиялык «Витар» каражаты ооз көңдөйүнүн былжыр челин чайкоо жана нымдоо үчүн колдонулат. Каражатты колдонуу сунуштары колдонмо боюнча көрсөтүлгөн суюлтмада жүргүзүлүп, колдонуу мөөнөтү сезгенүү процесстеринин оордугуна жараша аныкталат. Пародонттун сезгенүү ооруларынын калыбына келтирүүчү дарылоонун курамында бул каражат сезгенүүгө каршы жана антиоксиданттык касиеттери бар катары колдонулушу мүмкүн. Каражаттын терс таасирлери жок, сейрек учурларда гана аллергиялык реакциалар же жекече көтөрө албоо болушу ыктымал. Баасы жеткиликтүү болуп саналат, анткени курамында жергиликтүү жаратылыщ байлыктары колдонулган, ошондуктан экономикалык жактан пайдалуу болуп эсептелинет.

**Диссертациянын темасы боюнча басылып чыккан илимий эмгектердин тизмеси**


1. Субанова, А.А. Пародонт эпидемиологиясынын жана патогенезинин өзгөчөлүктөрү (илимий макала) [Текст] / Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин кабарчысы. – Бишкек, 2015. – Т.15. – № 7. – Б. 152-155; – [Электрондук ресурс]. – Режим доступа URL: https://elibrary.ru/download/elibrary_24306160_60012185.pdf
2. Субанова, А.А. Стоматологиядагы фитотерапия [Текст] / А.А. Субанова // Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университенин кабарчысы. – 2016. – Т. 16. - № 3. – Б. 190-194. – [Электрондук ресурс]. – Режим доступа URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_26083150_54181191.pdf
3. Субанова, А.А. Стоматологиялык «Витар» каражатынын пародонтит моделинде келемиштердин шилекейиндеги кычкылдануу процессине жана тиш этинин түзүлүшүнө тийгизген таасири [Текст] / А.А. Субанова, Г.В. Белов// Илим жана билим берүүмкабарчысы. – 2016. - № 9 (21). – Б. 67-91. – [Электрондук ресурс]. – Режим доступа URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_26620384_86919076.pdf
4. Субанова, А.А.Бишкек шаарынын жаш, орто жана улгайган жаштагы тургундарынын тиш-жаак системасы менен байланыштуу процесстерин МКФ домендери аркылуу баалоо [Текст] / Г.В. Белов, Т.С. Сеитов // V Эл аралык илимий-практикалык конференциянын «Табигый илимдер жана медицина: теория жана практика» материалдары. – Новосибирск, 2018. - № 5 (3). – Б. 29-38. – [Электрондук ресурс]. – Режим доступа URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36561577_43031442.pdf
5. Субанова, А.А. Жаш жана орто курактагы бейтаптардын пародонттун сезгенүү ооруларын дарылоодо DENOVA Oral BIO-Complex препаратынын натыйжалуугун МКФ позициясы менен баалоо [Текст] / А.А. Субанова, Г.В. Белов, Г.М. Хавин // Znanstvena misel journal. – 2018. – № 23. – Б.38-41. – [Электрондук ресурс]. – Режим доступа URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36476302_57776467.pdf
6. Пародонттун сезгенүү ооруларын дарылоодо табигый антиоксиданттарды колдонуу [Текст] / А.А. Субанова, Г.В. Белов, И.Б. Сулайманов, Д.Д. Смайылкулов // Кыргызстандын саламаттык сактоо илимий-практикалык журналы. - 2021. - № 1. – Б.47-53. – [Электрондук ресурс]. – Режим доступа URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_45796337_61040780.pdf
7. DENOVA Oral BIO- Complex каражатын пародонттун сезгенүү ооруларынын комплекстүү дарылоодо жана алдын алууда колдонуу [Текст] / А.А. Субанова, Г.В. Белов, Г.М. Хавин, Н.Т. Карашева // Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөөлөр электрондук журналы. - 2022. - №2 (2-бөлүк). – Б. 88-96. – [Электрондук ресурс]. – Режим доступа URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_49930416_56112038.pdf

8. Субанова, А.А. Пародонт ткандарынын рецессивдик жоготуусун комплекстүү дарылоо үчүн заманбап дары-дармек каражаттары [Текст] / А.А. Субанова, И.Б. Сулайманов // И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын кабарчысы. – 2021. – № 1. – Б.101-114. – [Электрондук ресурс]. – Режим доступа URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_48228974_96133859.pdf
9. Пат. № 1796 Кыргызская Республика, МПК A61K 7/16 (2015.01). «Витар» стоматологиялык каражаты [Текст] / А.А. Субанова, Г.В. Белов, Е.П. Зотов, Т.У. Супатаева. Субанова А.А. – № 20150033.1; бер. 18.03.2015; жарыяланган 30.11.2015, Бюл. № 11 (199). – 8 б.: ил. – [Электрондук ресурс]. – Режим доступаURL: https://drive.google.com/file/d/1aGMlQuYHJh8qntdeA4Scb3YNpIn3u5qs/view
10. Пат. № 2050 Кыргызская Республика МПК A617/16 (2018.01). «Артокан» стоматологиялык каражаты. [Текст] /А.А. Субанова. – № 20170111.1; бер. 17.10.2017; жарыяланган 28.04.2018, Бюл. № 5 (229). – 10-11 б.: ил. – [Электрондук ресурс]. – Режим доступа URL: https://drive.google.com/file/d/1CwYX3dqkKye2SgckBjp_qF7xFa49haxS/view
11. Пат. № 2074 Кыргызская Республика, A61K 35/644 (2018.01). «Пропакан» стоматологиялык каражаты. [Текст] /А.А. Субанова. - № 20170125.1; бер. 15.11.2017; жарыяланган 31.07.2018, Бюл. № 7 (231). – 7, 8 б.: ил. – [Электрондук ресурс]. – Режим доступа URL: https://drive.google.com/file/d/13C5b9YggrPjNqMw_C-fZwrlI70ibHKMO/view
12. Пат. № 2207 Кыргызская Республика, МПК A61N 5/067 (2020.01), A61P 1/02 (2020.01). Өнөкөт пародонтитти дарылоо ыкмасы [Текст] / [А.А. Субанова, Г.В. Белов, Т.У. Супатаева ж.б.]. Субанова А.А. – № 20190080.1; бер.15.11.2019; жарыяланган 31.07.2020, Бюл. № 7 (225). – 6 б.: ил. То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа URL: http://patent.gov.kg/wp-content/uploads/2023/06/IM-72020.pdf
13. Субанова, А.А. «Витар» жана «Кирславин» стоматологиялык каражаттарынын пародонтит моделинде келемиштердин шилекейиндеги кычкылдануу процессине жана тиш этинин түзүлүшүнө тийгизген салыштырма натыйжалуулугу [Текст] / А.А. Субанова, Г.В. Белов, Д.Д. Смайылкулов // Билим берүү жана илимди өнүктүрүү боюнча инновациялык борбор. V Эл аралык илимий-практикалык конференция. 11.03.2018. – Екатеринбург. - № 5 жыйнак. – Б. 76-78. То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа URL: https://izron.ru/articles/aktualnye-voprosy-sovremennoy-meditsiny-sbornik-nauchnykh-trudov-po-itogam-mezhdunarodnoy-nauchno-pr/sektsiya-37-stomatologiya-spetsialnost-14-01-14/sravnitelnyy-effekt-stomatologicheskikh-sredstv-vitar-i-kirslavin-na-perekisnoe-okislenie-slyuny-i-s/

**Субанова Азира Азисовнанын «Пародонт ооруларын дарылоо үчүн табигый антиоксиданттарды колдонуунун клиникалык жана эксперименталдык негиздемеси» деген темадагы 14.03.11 – калыбына келтирүүчү медицина, спорттук медицина, курортология жана физиотерапия адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** пародонт, табигый дары каражаттары**,** антиоксиданттар, МКФ.

**Изилдөө объектиси:** ак лабораториялык келемиштер, изилдөөгө катышууга макулдугу менен бейтап "ыктыярчылар".

**Изилдөөнүн предмети:** пародонттун ткандары.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргызстандын табигый дарылык касиетке ээ байлыктарынын негизинде стоматологиялык каражатты иштеп чыгуу, эксперименталдык жана клиникалык сыноолорду жүргүзүү.

**Изилдөө ыкмалары:** бейтаптардын пародонталдык индекстерди аныктоо, лабораториялык ак келемиштердин ички органдарынын патоморфологиялык, эксперименттеги гистологиялык, кандарынын жана шилекейинин биохимиялык өзгөрүүлөрүн изилдөө.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы:** Кыргызстандын жаратылыштык дары-дармек ресурстарынын негизинде жаны стоматологиялык «Витар» каражаты иштелип чыгып, патенттелди. Жүргүзүлгөн доклиникалык изилдөөлөр бул каражаттын уулуу, аллергия чакыруучу жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү таасирлерге ээ эместигин, ошондойле эле ак лабораториялык келемиштердин өнөкөт пародонтит моделинде дарылык таасири бар экенин ишенимдүү далилдеди. Иштелип чыккан «Витар» стоматологиялык каражатынын дарылык касиеттери өз таасири боюнча «Кирславин» тиш эликсири менен салыштырмалуу деңгээлде. Клиникалык апробация каражаттын

сезгенүүгө каршы касиетке ээ экенин жана ыктыярчы байлыктарда индекс көрсөткүчтөрүнүн олуттуу жакшырганын ишенимдүү түрдө тастыктады.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Эксперименттик коопсуздугу жана дарылык натыйжалуугу аныкталгандан кийин, патентке болгон ээлик укугу акысыз негизде Бишкек шаарындагы «Арония-Фрам» ЖЧК өнөр жайлык өндүрүш үчүн

өткөрүлүп берилген. Бул иш-аракет клиникалык изилдөөлөрдү ар түрдүү бейтаптар тобунда өткөрүү жана иштелип чыккан стоматологиялык каражаты Мамлекеттик каттоо максатында ишке ашырылган. Мындай кадам улуттук өндүрүштөгү стоматологиялык каражаттардын арсеналын кеңейтүүгө багытталган.

**Колдонуу чөйрөсү:** калыбына келтирүүчү медицина.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Субановой Азиры Азисовны на тему «Клинико-экспериментальное обоснование применения антиоксидантов природного происхождения при лечении заболеваний тканей пародонта», представленной на соискание ученой степени кандидата медицинских наук по специальностям: 14.03.11-восстановительная медицина, спортивная медицина, лечебная физкультура, курортология и физиотерапия**

**Ключевые слова:** пародонт, природные лечебные средства, антиоксиданты.

**Объект исследования:** белые беспородные лабораторные крысы, пациенты «добровольцы» с информированным согласием для участия в исследовании.

**Предмет исследования:** ткани пародонта.

**Цель работы:** провести экспериментальные исследования и клиническую апробацию разработанного стоматологического средства на основе природных лечебных ресурсов Кыргызстана.

**Методы исследования:** использование пародонтальных индексов, патоморфологическое исследование внутренних органов, состава крови, гистологическое исследование в эксперименте, биохимические исследования слюны лабораторных крыс.

**Полученные результаты и их новизна**: разработано и запатентовано новое стоматологическое средство «Витар» на основе природных лечебных ресурсов Кыргызстана. Проведенные доклинические исследования достоверно показали отсутствие токсических, аллергических и местно-раздражающих свойств и наличие лечебного эффекта при моделировании хронической формы пародонтита у белых лабораторных крыс. Лечебные свойства разработанного стоматологического средства «Витар» по выраженности сопоставимы с зубным эликсиром «Кирславин». Клиническая апробация достоверно показала противовоспалительные свойства со значительным улучшением индексных показателей у пациентов «добровольцев».

**Рекомендации по использованию:** после установления экспериментальной безопасности и лечебной эффективности правообладание патентом на безвозмездной основе передана промышленному производству ОсОО «Арония-Фарм» г. Бишкек., для клинических исследований в многочисленных группах и регистрации запатентованного стоматологического средства «Витар» в целях увеличения арсенала стоматологических средств местного производства.

**Область применения:** восстановительная медицина.

## SUMMARY

**dissertation of Subanova Azira Azizovna on the topic "Clinical and experimental substantiation of the use of antioxidants of natural origin in the treatment of periodontal tissue diseases", submitted for the degree of candidate of medical sciences in the specialties: 14.03.11 - restorative medicine, sports medicine, therapeutic exercise, balneology and physiotherapy**

**Key words:** periodontal, natural remedies, antioxidants.

**Object of study:** white mongrel laboratory rats, patients "volunteers" with informed consent to participate in the study.

**Subject of study:** periodontal tissues.

**The aim of the work:** to conduct experimental research and clinical testing of the developed dental product based on the natural healing resources of Kyrgyzstan.

**Research methods:** use of periodontal indices, pathomorphological examination of internal organs, blood composition, histological examination in an experiment, biochemical studies of the saliva of laboratory rats.

**The results obtained and their novelty:** a new dental product "Vitar" was developed and patented based on the natural healing resources of Kyrgyzstan. The conducted preclinical studies reliably showed the absence of toxic, allergic and locally irritating properties and the presence of a therapeutic effect when modeling the chronic form of periodontitis in white laboratory rats. The therapeutic properties of the developed dental product "Vitar" are comparable in severity to the dental elixir "Kirslavin". Clinical testing reliably showed anti-inflammatory properties with a significant improvement in index indicators in "volunteer" patients.

**Recommendations for use:** After establishing experimental safety and therapeutic efficacy, the patent rights were transferred free of charge to the industrial production of Aronia-Pharm LLC in Bishkek for clinical trials in numerous groups and registration of the patented dental product Vitar in order to increase the arsenal of locally produced dental products.

**Scope:** restorative medicine.

Формат бумаги 60 х 90/16. Объем 1,5 п. л.
Бумага офсетная. Тираж 50 экз.
Отпечатано в ОсОО «Соф Басмасы»
720020, г. Бишкек, ул. Ахунбаева, 92